## №15 Базар-Коргон Округдук шайлоо комиссиясынын

## № 2 ПРОТОКОЛУ

2021-жылдын 19-ноябрь Базар-Коргон шаары

Катышкандар: 11
КР БШК Ноокен, Базар-Коргон, Майлуу-Суу аймактык шайлоо комиссияларындагы атайын өкүлү М.Маматов
Базар-Коргон округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы - Н. Мадумаров
Мүчөлөрү: Б. Шеркулов, А. Мырзаев, Т. Абдуллаев, Р. Колдошов, К. Абдылазов, А. Капаров.
Базар-Коргон РИИБүнүн Улук МУУ милициянын капитаны – И.Сатаров
Арызданууччу: Базар-Коргон районунун Арстанбап айылынын тургуну М.Мамадалиев

### КҮН ТАРТИБИНДЕ

Базар-Коргон округдук шайлоо комиссиясына 2021-жылдын 15-ноябрында келип түшкөн Базар-Коргон РИИБүнүн 2021-жылдын 13-ноябрындагы №26-6/6885 жана №26-6/6886 кайрылууларын карап чыгуу жөнүндө.

Сөздү округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы Н.Мадумаров баштап, жогорудагы белгилген кайрылуулар менен комиссия мүчөлөрүнө окуп тааныштырып чыкты.

Арызданууччу М.Мамадалиев сөз сүйлөп Базар-Коргон РИИБнүн кайрылуусу менен макул эместигин тергөө иштерин толук кандуу жүргүзүлбөгөндүгүн билдирди. Ошондой эле "Альянс" партиясынын талапкери С.Нышанов тарабынан добуш сатып алуусу боюнча жетиштүү далилдер бар экендигин айтты. Эгер бул добуш сатып алууларга чара көрүлбөсө шайлоо таза өтпөй тургандыгын билдирди.

Базар-Коргон РИИБүнүн Улук МУУ милициянын капитаны – И.Сатаров сөз сүйлөп, РИИБнүн тийиштүү кызматкерлери тарабынан тергөө амалдары жүргүзүлүп, аяктап кабыл алган чечимдер арызданууччу М.Мамадалиевке карата тийиштүү чара көрүү боюнча округдук шайло комиссиясына жөнөтүлгөндүгүн билдирди.

КР БШК-нын өкүлү М.Маматов мыйзам бузуулар боюнча КР БШК-сы жана тийиштүү органдар менен зарыл иштер жүргүзүлүп жаткандыгын, эгер мыйзам бузуулар далилденсе шайлоо процессинин бардык катышуучуларына мыйзам чегинде чара көрүлөөрүн билдирди. Эгер арызданууччу РИИБ-нүн, округдук шайлоо комиссиясынын чечимдерине наразы болсо, тийиштүү органдарга кайрылуу укугу бар экендигине токтолду.

Округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы Н.Мадумаров Бузуулар Кодексинин 45-беренеси менен тааныштырып, комиссия мүчөлөрүнө М.Мамадалиевке эскертүү берүүнү сунуштады.

Сунуш колго салынып, комиссия мүчөлөрү бир добуштан М.Мамадалиевке эскертүү берүүнү колдошту.

Күн тартибиндеги масалени карап жана талкуулап Базар-Коргон Округдук шайлоо комиссиясы

### ЧЕЧИМ КЫЛАТ

1. Арызданууччу М.Мамадалиевке добуш сатып алуу боюнча жазган арызы тастыкталбагандыктан эскертүү берилип, мыйзам бузуулар боюнча арыз менен кайрыла турган болсо ошол бузуулардын анык экендиги тастыкталбаса жалаа болуп саналаары көрөтүлсүн.
2. Чечимдин көчүрмөсү КР БШК-на, Базар-Коргон райондук ички иштер бөлүмүнө, арызданууччу М.Мамадалиевке ж

**Базар-Коргон ОШКнын төрагасы: Н.Мадумаров**
**Базар-Коргон ОШКнын катчысы: Э.Жумабаева**